**Б.Календеров атындагы орто мектебинин социалдык педагогдун аткарган иштеринин 2022-2023-окуу жылындагы аткарган иштери боюнча отчет.**

2022-2023 окуу жылында социалдык педагогдун коюлган максаты:
Жалпы окуучулардын социалдык жактан курамын аныктоо,томолой жетимдердин,ата-энеси чет өлкөдө иштеп жаткан окуучулардын,турмуш шарты оор окуучулардын,мүмкүнчүлүгү чектелген (майып) жана инклюзивдик окутууга муктаж окуучулардын,окууга тартылбаган окуучулардын,мектептин ички көзөмөлүндө турган "Тобокел топтогу"балдардын тизмелерин аныктоо.
-Баланын инсандык өнүгүүсү үчүн жагымдуу шарттарды түзүү.
-Баланын жашоо мейкиндигинде коргоого кам көрүү.
-Окуучулардын билим алуу укуктарын камсыз кылуу
-Окуучулардын социалдык,психологиялык жана физикалык ден соолугун сактоо жана чыңдоо.
-Окуучулардын жашоо шарттарын изилдеп,алардын кызыкчылыктарын жана керектөөлөрүн,көйгөйлөрүн,чыр чатактуу жагдайларын,жүрүм-турумундагы өзгөрүүлөрдү аныктап,өз учурунда жардам көрсөтүү.

Коюлган максатка ылайык түзүлгөн жылдык пландын негизинде 2022-2023 окуу жылы ичинде төмөнкү иш-чаралар жүргүзүлдү.

**Сентябрь** айында класс жетекчилер менен биргеликте окуучулардын социалдык абалын аныктоо максатында үйлөргө кыдырып байкоо иштери жүргүзүлдү.Коюлган максаттын негизинде "Балдардын категориялары"файлы түзүлдү.

Анын жыйынтыгында томолой жетим,жарым жетим,инклюзив,мүмкүнчүлүгү чектелген жана турмуш шарты оор үй-бүлөдөгү балдардын тизмеси такталды.

Ошондой эле окуучулар арсында укук бузуунун алдын алуу боюнча профилактикалык кеңеши түзүлүп,иштөө планы бекитилди.

Мүмкүнчүлүгү чектелген балдардын жөндөмдүүлүгүнө иликтөө жүргүзүлүп ар кандай ийримдерге тартылууга жардам берүү иштери болду.

Жалпы ата-энелердин чогулушу уюштурулуп мектеп менен байланыш,карым-катнаш түзүлдү.

Кыздар арасында кыздар кеңеши түзүлүп,пландары бекиттирилди.

Балдар арасында балдар кеңеши түзүлүп,пландары бекиттирилди.

**Октябрь** айында үй-бүлө менен иштөөдө сабактан жетишпегентбалдардын ата-энелери менен сүйлөшүү,жолугушуу өткөрүлдү.
9-10-11-класстардын балдарынан жашыруун анкета алынды. "Тамеки өмүргө зыян" жогорку класстын окуучуларына лекция окулду.
Кылмыштуулукту алдын алуу боюнча профилактикалык кеңештин курамы класс жетекчилер менен бирге "Рекетчилик" боюнча алдын алуу боюнча чогулуш өткөрүлдү. 24-октябрь күнү өткөрүлдү.
Мечитке жума намазга барып жүргөн окуучулар аныкталып,аңгемелешүү болду.
**Ноябрь** айында окуучуларга балдардын укуктук билим деңгээлин жогорулатуу максатында,баланын укуктары тууралуу конвенциясы менен класс жетекчилер класстык сааттарда тааныштырып өтүштү.

Балдарды зордук-зомбулуктан сактоо,балдар арасында суицид проблемасын алдын алуу максатында ошондой эле ата-энелердин балдарына болгон жоопкерчилигин күчөтүү үчүн ата-энелер менен чогулуш өткөрүү.

Тышкы жана ички миграттын балдарына көзөмөл жүргүзүү катарында үйлөрүнө кыдыруу.

11-класстын окуучулары менен аңгемелешип,тест алуу.
“Суицид-коркунучтуу көрүнүш” темасында класс жетекчилер класстык сааттарды өтүштү.
Алдын алуу Кеңешинин чогулушу өткөрүлдү.Рейддер жүргүзүлдү.
**Декабрь** Азыркы жугуштуу оорулардын күөшүнө байланыштуу окуучуларга маалыматтар берилди.Балдар,кыздар арасында мамиленин маданияттуулугун сактоо жана кыздарды тартиптүү,адептүү болууга үндөө максатында аңгемелешүү болуп өттү.
“1-декабрь-Биз СПИДке каршыбыз” 9-10-11-класстардын окуучулары менен жолугушуу өткөрүлдү.Райондук ооруканадан да келишип,түшүндүрүү иштери жүргүзүлдү.
Айылдык маданият үйүнөн келип мектепте өткөрүлгөн линейкада лекция окулду.
5-6-7-класстардын окуучулары менен “Мектепте рекетчилик барбы?” деген темада диспут уюштурулуп,окуучуларга кеңештер берилди.
Ай ичинде пед.коллектив менен иштөөдө мугалимдердин окуучуларга болгон гумандуу мамилесин өнүктүрүү максатындачогулуштарда сунуштар айтылды.
Жаңы жыл майрамына карата Ак-Талаа райондук администрациясы тарабынан уюштурулган губернатордун ёлкасына
-Талипова Жасмин барып катышты.
**Январь** айында түзүлгөн планга ылайык инклюзив окуучулардын сабактарына катышып,сабактарынын өздөштүрүүсүнө көңүл бөүндү.Абдукаримдин сабакты өздөштүрүүсү жакшы экендиги байкалды.Окуучулардын үй бүлөдөгү жашоо шарттары жакшы,жылыштар бар экендиги байкалды.
Сырткы,ички мигранттардын балдары кайрадан такталып чыкты.
Сырткы мигранттын балдарынан бизде бир окуучу.ички мигранттын балдары 29 окуучу бар.
Жугуштуу оорулар боюнча маалымат берилип,лекция окулду.
10-11-класстын эркек балдарынан анонимдүү тест алынды.
**Февраль** айында жаш өспүрүмдөр арасында кылмыштуулукту алдын алуу максатында класс жетекчилер менен биргеликте рейдке чыктык.Мектеп ичинде орой мамиле жана рекетчиликти алдын алуу максатында чогулуштар өткөрүлдү.
Ата-энелердин балдарына болгон мамилеси боюнча ата-энелер чогулушу өткөрүлдү.
Чоң балдар тарабынан кысымга алуу болгон жокпу?(Анкета) алынды.
Социалдык адилеттүүлүктүн күнүн өткөрүү боюнча бир айга план түзүлдү.
Мигранттардын балдары жашаган үйлөргө кыдырууга бардык.